

**31-АВГУСТ - КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК КҮНҮ МАЙРАМЫҢЫЗДАР МЕНЕН!**


Ош облустук коомдук-саясый гезити

www.oshinfo.kg

# Ош жаңырыгы

ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"

№22 [16980] ИШЕМБИ, 30/08/2025


## КЫРГЫЗСТАНДЫН КААЛАГАН ЖЕРИНЕН ШАЙЛАНУУГА ЖАНА КАЙСЫ ЖЕРДЕ ЖҮРБӨҢҮЗ, ОШОЛ ЖЕРДЕН ШАЙЛООГО МҮМКҮНЧҮЛҮК ТҮЗҮЛӨТ



5-бетте

## Өзгөн шаарында жаңыланган борбордук стадион ачылды




2-бетте

## МАМЛЕКЕТТИК ТИЛДИ ОКУТУУНУ ЖАКШЫРТУУ – УЧУР ТАЛАБЫ



8-бетте

## Айнара Жороева: "ОКУУ- ТАРБИЯ ИШТЕРИН МЫКТЫ УЮШТУРУУГА МАКСАТЫБЫЗ ЧОҢ"



8-бетте

## Кайыңды айылында - жаңы мектеп



2-бетте

Ош облусунун коомдук-саясий гезити
Ош жаңырыгы

УЮШТУРУУЧУ:
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

Башкы редактор:
КАРАКОЗУЕВ
Асанбек Курманбекович

Жооптуу катчы:
Канымжан
Кыдыралиева

Нөөмөтчү
М.Жуманазаров

Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. "Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды.
Бишкек шаары, Анкара көчөсү 1г
Көлөмү А3 - 2 басма табак
Тел: 0 (312) 53-00-00

Буюртма №: 1072
Нускасы: 1700

Реквизиттер:
Р/эсеп: 4407011102006594
Бик: 440701, КР ФМ Борбордук казынасы
ИНН: 02401202310360
ОКПО: 31708371, Ош шаары МСКБ 032

Дареги: 723500, Ош шаары, Курманжан датка көчөсү, 209-үй.

Жарыяланган макалалар редакциянын толук көз карашын билдирбейт.
Жарыя-жарнамалардын текстине редакция жооп бербейт.
Кол жазмалар кайтарылбайт.

Байланыш:
Кабылдама: 7–13–34
Жооптуу катчы: 7–10–02
Жарнак бөлүмү: 7–11–31
E-mail: oshjan@mail.ru

Гезитибиздин сайтына жогорудагы QR-код аркылуу кириңиз.

Гезитибиздин келе жаткан жаңы сандарына жазылууга жана жарнама кызматы үчүн жогорудагы QR-кодду колдонуңуз.
Терең урматтоо менен,
"Ош жаңырыгы" гезитинин редакциясы!

# Өзгөн шаарында жаңыланган борбордук стадион ачылды

**Өзгөн шаарында толук реконструкцияланган Ормонов Зулпукар атындагы борбордук спорт комплекси ачылды. Салтанатка Министрлер Кабинетинин төрагасынын орун басары - УКМК төрагасы Камчыбек Ташиев, Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Эльчибек Джантаев, Ош шаарынын мэри Жеңишбек Токторбаев, Жогорку Кеңештин депутаттары жана жергиликтүү тургундар катышты.**



Стадион алгач 1968-жылы курулуп, 1998-жылы муниципалдык менчикке өткөрүлгөн. Эскирип калгандыктан, кайрадан толук оңдоп-түзөөдөн өткөрүлдү.




Долбоор Дүйнөлүк банктын колдоосу менен АРИС аркылуу каржыланып жалпы баасы 141 млн сомду түзүп, кошумча 53,5 млн сомду Кыргыз футбол биримдиги бөлүп берген.

Жаңыланган спорт комплекси эл аралык талаптарга ылайык курулуп, анда футбол талаасы, чуркоо жана волейбол аянтчалары, административдик имарат, медициналык пункт, ажаткана жана жуунуучу жайлар бар. Ошондой эле стадион толугу менен жарыктандырылып, жашылдандыруу иштери жүргүзүлдү.

Бул стадион жаштарга спорт менен машыгууга кеңири мүмкүнчүлүк түзүп, футболду өнүктүрүүгө өбөлгө болот. Ошондой эле Өзгөнгө келген туристтер үчүн дагы жагымдуу шарт түзөт.

Ачылыш аземи чоң концерт менен коштолуп, жаңы стадиондо "Өзгөн" жана "ОшМУ" футболдук клубдары беттешти.

# Маанилүү иш-чараларга даярдыктар

Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн чоң жыйындар залында облус башчысы Эльчибек Джантаевдин жетекчилиги алдында атайын жыйын болуп өттү.

Иш-чарага өкүлдүн орун басарлары, укук коргоо органдарынын жетекчилери, облустагы мамлекеттик мекеме-ишканалардын жетекчилери жана район акимдери катышты.

Жыйында Өзгөн шаарынын борбордук стадионунун салтанаттуу ачылышына жана Өзгөн–Мырзаке–Кара-Кулжа унаа жолун пайдаланууга берүү иш-чараларына даярдык, ошондой эле Эгемендүүлүк майрамына карата пайдаланууга берилчү объекттер жана Алайда белгилене турган Алымбек датканын 225 жылдыгына даярдыктар талкууланды.



Облус башчысы Эльчибек Джантаев күн тартибиндеги ар бир маселеге өзүнчө токтолуп, тиешелүү мамлекеттик органдар менен мекеме-ишканалардын жетекчилеринен маалымат угуп, так тапшырмаларды берди. Ал жетекчилерге иштерди күчөтүп, көтөрүлгөн маселелерди ыкчам чечүүнү жана жоопкерчиликтүү иш алып барууну тапшырды.

# Кайыңды айылында - жаңы мектеп



Ош облусунун Ноокат районуна караштуу алыскы Кайыңды айылында жаңы мектептин курулушу аяктап, ал жаңы окуу жылына даяр болду. Эми айылдын балдары заманбап шарттагы мектептен билим алышат.

Курулуш иштери 2022-жылы башталып, республикалык бюджеттин эсебинен жүргүзүлгөн. Объекттин жалпы наркы 38 миллион сомду түздү.

Жаңы мектеп 100 окуучуга ылайыкташып, бир кабаттуу окуу корпусун жана спорт залды камтыйт.

Белгилей кетсек, Кайыңды айылы деңиз деңгээлинен 2000 метр бийиктикте жайгашкандыктан, бул билим берүү мекемеси айыл тургундары үчүн өзгөчө мааниге ээ.

**Даярдаган: К.Кыдыралиева.**

# ИРИ РАЙОНДО ИЙГИЛИК КӨП

**2025-жыл -Кара-Суу районунда жемиштүү жыл болду. Үстүбүздөгү жылдын 20-мартында биздин райондун Таш-Арык айылында курулган "Ош таза көмүр" жаңы заводунун ачылыш аземине Кыргыз Республикасынын Президенти Жапаров Садыр Нургожоевич катышты. Ишкана тарабынан чыгарылган продукциянын түрү: кыш чыгаруу жана көмүр байытуу. Ал жылына 50 млн. бышырылган кыш чыгарат жана 600.000 тонна көмүр байытат. Азыркы учурда ишкана толук кандуу иштеп жатат.**

Инвесторлордун кызыккандыгын себеби-бул айылдын топурагынын курамында туз аз. Райондук мамлекеттик администрациясынын колдоосу менен жылына 100 млн. даана бышырылган кыш чыгара турган Кытай Эл Республикасынан келген дагы бир инвестор үчүн ыңгайлуу шарт түзүп жатабыз. Бүгүнкү күндө инвестор тарабынан тез курула турган сапаттуу конструкциялар алынып келинүүдө.

Баарыңыздарга белгилүү, 2025-жылдын 22-майында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев Кара-Суу районуна караштуу Ынтымак айыл аймагынын Ак-Терек айылына "МЖМ-Групп" ЖЧКсы тарабынан курулуп жаткан, жалпы кубаттуулугу 9 мегаватты түзгөн төрт чакан ГЭСтин, электр энергиясын берүү жана бөлүштүрүүчү подстанциясынын ошондой эле заманбап гидротехникалык курулмаларды куруу үчүн атайын бетон чыгаруучу заводдун курулушун баштоо алдында мезгил кутучасын салуу аземине катышып кайтты.

Төрт чакан ГЭСтин үчөө, 2 подстанция бидин райондун аймагында тургандыктан алардын салыгы бизге түшүп, жергиликтүү бюджеттин көлөмү көбөйөт.

Азыркы учурда 600 маркасында чыгаруучу бетон заводун куруу аракеттери башталды. Анын 3өө биздин 2 подстанция аймакка карагандыктан Алайга салына турган чакан ГЭСтин жетекчилери Гүлчө-Кызыл-Суу автожолун жана 3 көпүрөнү оңдоп берет.

Райондо быйыл 31964 гектар аянтка жүгөрү, көп жылдык тоют, буудай сыяктуу кылкандуу дан өсүмдүктөрү эгилди. Ошончо аянттагы сугат жерди суу менен камсыздоо маселеси бир топ уюштурууну ишин талап кылды. Бул жерде белгилеп өтүүчү жагдай, мамлекетибиздин экономикасы мурдагы жылдарга караганда өнүгүп, суу чарба тармагы да техникалар жана керектүү жабдуулар, тетиктер менен толукталып, ишти тез жана сапаттуу жүргүзүүгө өбөлгө болуп жатат. Райондук суу чарба тармактары боюнча жалпы чарбалар аралык каналдар 375,4 кмди түзөт. Райондогу «Эшме», «Мады», «Чоң-Сай», «Отуз-Адыр» насостук станцияларындагы 19 насостук агрегаттардын ичинен 9у ремонттон өткөрүлдү. Үстүбүздөгү жылдын 6 айынын ичинде белгиленген план толугу менен аткарылып, ремонтоо жумуштары сугат мезгилине чейин толугу менен бүткөрүлдү. Анын натыйжасында тагдырын жер энеге байлаган дыйкандарыбыз өздөрү күткөн түшүмүн жыйнап алганы турат.

"Ош таза көмүр" жаңы заводунун жетекчилиги Таш-Арык айылына заманбап балдар бакчасынын имаратын куруп жатат. Мектепке чейинки билим берүү мекемеси жакын арада пайдаланууга берилмекчи.

Негизинен алганда биз келечек муун үчүн азыртадан тартып көңүл бурушубуз керек. Балдардын татыктуу тарбия алуусу — бул ар бир үй-бүлөнүн тилеги гана эмес, бүтүндөй коомдун келечегине салынган пайдубал. Мындай мекемелер аймактын өнүгүшүнө, жаш муундун билими менен бакубат жашоосуна өбөлгө болот. Бала бакча – бул жөн гана имарат эмес, бул – келечекке болгон инвестиция. Правда айылынын жашоочулары үчүн балдар бакчасы абдан керек болчу. Ошол айылда 75 балага ылайыкталган бала бакча ачылып, 8 жергиликтүү тургун иш менен камсыздалды.



Райондогу төрөт үйүн капиталдык ремонттон өткөрдүк. Анткени, дени сак эне чоңойткон бала келечекте мекенге кызмат өтөгөн бала болуп чоңоют.

Ак-Терек айылында орун алган алтын ылгоочу "Эдельвейс Голд" жоопкерчилиги чектелген коому ушул айылга балдар бакчасын куруп бермекчи. Ишкана ага керектүү каражатты атайын эсепке которду.

"Ош жаңырыгы" газетасынын окурмандары өздөрү байкап жаткандыр, кийинки жылдарда райондун аймагындагы акционердик коомдорго жана жеке адамдарга мыйзамсыз берилип кеткен жерлер мамлекетке кайтарылууда. Алсак, Мады айыл өкмөтүндөгү жеке адамга берилип, көп жыл бою пайдаланылбай келген жер аянты мамлекетке кайтарылды. Эми бул жер максатка ылайыктуу пайдаланылат. Ынтымак айыл аймагынын Жаңы-Арык айылында жайгашкан "Ош Дюбек" ачык акционердик коомунун пайдаланылбай жаткан 10,7 гектар аянт Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары, Кыргыз Республикасынын Улуттук Коопсуздук Комитетинин төрагасы Камчыбек Ташиевдин тапшырмасы менен көзөмөлү менен "Ош Дюбек" ачык акционердик коому бул 10,7 гектар аянтты мамлекеттин эсебине өткөрүп берди. Бул жер аянты Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басарынын көзөмөлүндө тургандыктан азыркы учурда анын 1,8 гектар аянтына мамлекеттин эсебинен 5 кабаттуу 5 үй курулуп жатат. Бул үйлөр жыл аягына чейин пайдаланууга берилет. Анын калган бөлүгүнө спорт комплекси, балдар бакчасы, маданият үйү, ФАП сыяктуу соц.обектилер курулмакчы.

Түшүнгөн адамга Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровдун "Жашыл мурас" программасы келечекти ойлогон, экологияны сактоого багытталган иш-чара. Биздин райондо быйылкы жылы жаз айларында бул өнөктүккө райондун мекеме-уюмдарнын кызматкерлери айылдардын жашоочулары, мектеп окуучулары катышты. Бул иш-чарага Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Эльчибек Джантаев Ынтымак айыл аймагындагы Ак-Терек жана Правда айылына 500 түп ийне жалбырактуу көчөттөр эгүүгө салым кошкон. Азыркы учурда көчөттөрдүн кароосу жакшы болгондуктан алардын өсүмү жакшы.

Кара-Суу районунун аймагында Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүнүн 34 жылдыгына жана райондун түзүлгөндүгүн 90 жылдыгына карата масштабдуу ишембилик өткөрүлдү. Ага райондук мекеме-уюмдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлери жана жергиликтүү тургундар активдүү катышышты. Анын алкагында Ош-Бишкек, Ош–Гүлчө, Кара-Суу-Өзгөн автоууна жолдорунун жээктери таштандылардан тазаланды.

**Канат Табалдиев,**
**Кара-Суу районунун**
**мамлекеттик администрациясынын башчысы – аким.**

**Саламатчылык**

# Ар бир адам билиши керек болгон негиздер

**Өмүр күтүүсүз кырдаалдарда көз ирмем ичинде өзгөрүп кетиши мүмкүн. Жол кырсыгы, күйүк, жаракат, эс-учун жоготуу – мындай учурда тез жана туура көрсөтүлгөн биринчи жардам адамдын өмүрүн сактап калышы мүмкүн. Ошондуктан, ар бир адам негизги ыкмаларды билиши абзел.**



Биринчи жардам деген эмне?

Биринчи жардам – бул кырсыкка же оор абалга туш болгон адамга дарыгер келгенге чейин көрсөтүлгөн шашылыш жардам. Бул жардам медициналык билимди талап кылбаган жөнөкөй, бирок маанилүү аракеттерден турат.

Эмне үчүн биринчи жардамды билүү маанилүү?

- Өмүрдү сактап калат



- Жаракаттын оорлотуп кетишин алдын алат
- Дарыгер келгенче абалды жеңилдетет
- Өзүңүзгө жана жакындарыңызга ишеним берет.

Биринчи жардам – ар бирибиз билүүгө тийиш болгон жөнөкөй, бирок баа жеткис билим. Сиздин билимиңиз жана тез реакцияңыз жакыныңыздын же бейтааныш бироөнүн өмүрүн сактап калышы мүмкүн.

Мыны ушул багытта жакында Кызыл Ай коому журналисттер үчүн атайын «Биринчи жардам көрсөтүү» боюнча практикалык тренинг өткөрдү. Иш-чаранын максаты – күнүмдүк жашоодо ар бир адамдын өмүрүн сактап кала ала турган жөнөкөй, бирок өтө маанилүү көндүмдөрдү үйрөтүү болду. Тренингде катышуучулар кан кетүүнү токтотуу, жаракат алган учурда жардам көрсөтүү, эс-учун жоготкон адамды туура абалга келтирүү жана жүрөк-өпкө реанимациясын жүргүзүү боюнча практикалык көнүгүүлөрдү аткарышты.

Адистер белгилегендей, мындай билимин практикада колдонгон ар бир жаран кырсык болгон учурда тез жана туура чечим кабыл алып, бир адамдын өмүрүн сактап калышы мүмкүн. Катышуучулардын айтымында, көп учурда кырсык учурунда туура эмес көрсөтүлгөн жардам адамдын абалын ого бетер оорлотуп, өмүрүнө коркунуч жаратышы ыктымал. Ошондуктан биринчи жардамды туура көрсөтүү коомдун ар бир мүчөсү үчүн зарыл болгон көндүм болуп эсептелет.

Бул тренинг мага чоң таасир берди. Чынында эле ар бирибиз биринчи жардам көрсөтүүнү үйрөнүшүбүз керек экен. Себеби, кырсык кайсы жерде, кайсы убакта болуп кетерин эч ким билбейт. Ал эми ошол учурда биз көрсөткөн туура жардам бир өмүрдү сактап калышы мүмкүн.

Кызыл Ай коомунун өкүлдөрү мындан ары да коомчулуктун кеңири катмарына багытталган ушундай окутууларды уланта берерин билдиришти.

**Гүлзада Өскөнбаева.**

# ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК МАЙРАМЫНА КААЛОО-ТИЛЕКТЕР

## Каныбек Апбасов,

**Өзгөн райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким.**



Эгемендүүлүк – бул биздин эң чоң байлыгыбыз, эркиндикке умтулган элдин кылымдардан берки эңсөөсү жана ата-бабаларыбыздан калган улуу мурас. Бүгүн эгемен өлкөнүн жарандары катары мамлекетибизди өнүктүрүп, улуттук маданий баалуулуктарды сактап, кийинки келечек муундарга татыктуу калтыруу ар бирибиздин ыйык милдетибиз.

Өзгөн району эгемендүү Кыргызстандын ажырагыс бир бөлүгү катары өнүгүп, экономикада, социалдык чөйрөдө жана маданий турмушта өз салымын кошуп келет. Айрыкча акыркы жылдары райондун ички инфраструктурасы олуттуу түрдө жакшырды: алыскы аймактардагы 100 чакырымдан ашуун ички көчөлөргө асфальт төшөлүп, жарыктандыруу тутумдары орнотулууда. Өзгөн шаарынын борбордук стадиону толук капиталдык оңдоп-түзөөдөн өтүп, анын жанындагы сейил бак менен Н. Азнабакиев атындагы паркты бириктирген өтмөк курулду. Ошондой эле бир катар социалдык объектилер пайдаланууга берилүүдө, жаңы жумуш орундар ачылып, өнөр жай тармагында да жаңы ишканалар иштей баштады.

Бул жетишкендиктердин бардыгы эгемен элдин мээнети, ынтымагы жана мекенге болгон сүйүүсүнүн натыйжасында мүмкүн болду.

Эгемендүүлүк күнүңүздөр кут болсун! Ар бир үй-бүлөгө бакыт, ырыскы, тынчтык жана береке каалайм. Кыргызстандын келечеги жаркын, эгемендүүлүгү түбөлүктүү болсун!

## Эмиль Чакибаев,

**Ноокат райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким:**



-Эгемендүүлүк – бул биздин элибиздин эркиндиги, өзүбүздүн тагдырыбызды өз колубузга алуу укугубуз, мамлекетибиздин көз карандысыздыгы. 1991-жылы 31- августта тарыхый чечим кабыл алынып, кыргыз эли өз алдынча мамлекет түзүү жолуна түштү. Бул – оңой келген жетишкендик эмес, ата-бабаларыбыздын кылымдар бою жүргүзгөн күрөшүнүн, сабыры менен акылмандыгынын жемиши.

34 жыл ичинде өлкөбүз бир топ сыноолорду башынан өткөрүү менен Эгемен мамлекеттин түндүгүн көтөрүүгө татыктуу экенибизди далилдеп, бир топ ийгиликтерди жаратып, аймактык бүтүндүгүбүздү, элибиздин биримдигин сактап кала алдык. Жакынкы жана алыскы чет өлкөлөр менен соода-экономикалык, илимий- маданий жана техникалык байланыштардын активдүү өнүгүүсүнө жетишип, тышкы саясатта өз орду бар, эгемендүү, демократиялык, өнүгүүгө умтулган мамлекет катары дүйнө коомчулугуна таанылдык.

Мекен деген улуу сөз! Канчалаган аттуулдарыбыз ушул кудуреттүү сөздү медер –дем тутуп,сыймыктуу өмүр кечиришкен. Зарыл болгондо эң кымбат, эң ыйык болгон өмүрлөрүн да аяшкан эмес. Биздин ушундай ыйык мекенибиз – ал Кыргызстан!

Эгемендүүлүктүн 34 жыл ичинде элибиздин маданий деңгээли көтөрүлүп, районубуздун инфратүзүмү жакшырууда. Берешен жерибиз, эмгекке бышкан мээнеткеч элибиз бар. Өркөнү өсүп, кучагы ооматка толгон Ноокатыбыз элинин ыймандуулугу, ынтымак-ырашкерлиги, эмгекчилдиги, меймандостугу, жаңылыктарга ынтызарлыгы, жеринин керемет кооздугу, байлыгы менен сыймыктана алат.

Нооктаттан чыккан Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн түптөлүшүнө өз салымын кошкон тарыхый инсандар У.Салиева, Т.Кулатов, Н.Исанов, Т.Абдубаитов, Т.Зулпуев бүтүндөй атпай журтубуздун көрүнүктүү, беделдүү атуулдары болушкан.

Бул улуу күндө ар бириңиздерге бекем ден соолук, үй-бүлөлүк бакубатчылык, тынчтык жана ынтымакчылык каалайм! Жараткан элибизге тынчтыкты, жергебизге береке, мамлекетибизге түбөлүктүүлүк берсин!

## Абдилбает Мамасыдыков,

**Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинин ректору, э.и.д., профессор:**



-Кылымдардын кыйырында из калтырган кыргыз эли эркин жашоо үчүн күрөшүп, далай ирет чабылып, далай ирет кыргынга туш келген болсо да улуттук өзгөчөлүгүн, элдик наркын бийик сактап XXI кылымдын кыйырын ашып, ааламдашуу алкагында да өздүк эн белгилерин жоготпой, улам жаңы бийиктиктерди багындырып жашап келе жаткандыгы – Жаратканды бизге берген наркы, бийик белеги.

30-жылдардын биринчи, экинчи беш жылдыктарында эл ичинен чыккан алганчы интеллигенция өкулдөрүн, улуттук баалуулуктарды мезгил талабына жараша өнүктүрүүнү каалаган өздүк көз карашы бар, өлкөбүздүн келечегин көрө билген алгачкы билимдүү муундун өкүлдөрүн: Касым Тыныстанов, Жусуп Абдрахманов, Баялы Исакеев, Төрөкул Айтматов, Хасан Жээнбаев, Эркинбек Эсенаманов, Мурат Салихов, Султанкул Шамурзин, Иманаалы Айдарбеков сыяктуу азаматтарыбызга "эл душманы" деген жалаа жабылып, күлүгн жаш курагында атылып кеткендиги – кыргыз тарыхында эч нерсе менен жууп кетире албай турган кара так.

Өткөн кылымдын 90-жылдарынын башында 15 союздук республиканын ар бири борбордук башкаруудан чыгып, өз алдынча мамлекет катары түзүлө баштады. Алардын катарында 1990-жылдын октябрь айында Кыргыз ССРи Республиканын Жогорку Кеңеши тарабынан Кыргыз Республикасы болуп өзгөртүлүп, ал күн тарыхый күн катары көпчүлүктүн эсинде калды. Андан көп өтпөй, 1990-жылдын 15-декабрында өлкөбүздүн Эгемендик декларациясы кабыл алынып, 1991-жылдын 31августунда Кыргызстандын Эгемендүүлүк күнү жарыяланган.

Учурда элдин турмуш шарты оңолуп, айлык акы, пенсия, жөлөкпул бир канча жолу жогорулатылды. Алыскы жана жакынкы чет өлкөлөр менен теңата сүйлөшүп, ирегелеш жайгашкан коңшу өлкөлөр менен бир туугандык мамилеге жетишип, 30 жыл аралыгында чечилбей, бир канча ирет кан төгүлгөн чыр менен коштолгон чек ара маселеси чечилип, калкыбыздын коопсуздугу камсыздалды. Өлкөбүздүн келечеги, калк катмарынын жашоо деңгээлинин өсүшү билимдүү жаштарда экендиги эске алынып, билим берүү тармагы дүйнөлүк стандарттын негизинде реформалана баштады. Өлкөбүздүн баардык аймактарынын инфраструктурасы мезгил талабына жараша жаңылануусда.

Жараткан өнүгүү жолундагы өлкөбүздүн түбөлүгүн түз кылып, элибизде ынтымакчылыктын тамыры кенен жайылып, жергебизде тынчтыктын ыры ырдалып турсун! Эгемендик күнүбүз кут болсун!

## Кубанычбек Ибраимов,

**коомдук, жетекчилик кызматтардын ардагери, Кара-Кулжа району:**

-Кыргыз элибизге эгемендүүлүк 1991-жылы 31-августа колубузга тийгенден бери өз алдыбызча мамлекеттүүлүгүбүздү түптөөгө аракеттенүү менен жашап келебиз. Андан бери отуз төрт жылдай мезгил учкан куштай сабалады. Мамлекетибиз өткөн кылымдын жыйырманчы жылдарында Улуу Совет өлкөсүнүн курамындагы он беш создук республикалардын бири болуп калганына сыймыктанууубуз абзел. Ошонун таасири менен өлкөбүздүн пайдубалы түптөлгөнүн дайыма эсте карманганыбыз көп ийгиликтерге алып барат деген ойдомун.

Ошондогу Кыргыз Республикасынын аты аталган өзүнчө "Кыргыз АССР" болуусуна зор эмгектерин сарптаган Абдыкадыр Орозбеков, Төрөкул Айтматов, Ишенаалы Арабаев, Касым Тыныстанов, Жусуп Абдрахманов сыяктуу улут каймактарынын мамлекеттүүлүктү түптөөдөгү эмгектери Кыргыз тарыхында эч унутулгус болуп калды.

Канткен менен эгемендүүлүк деле оңойлук менен колубузга тийген жок. Өткөн отуз төрт жылдык өз алдынча өлкө болуп жашообузда далай тарыхта так болуп калуучу окуяларды элибиз башынан кечирди. Жакшы жагынан алганда Мамлекетибиз Кыргыз Республикасы болуп аталышына, Туусуна, Гербине, Гимне жана мамлекеттин жашап турушун камсыз кылган Конститу-



циянын кабыл алынышына жетишкендигибиз өлкөнүн түндүгүн түптүү көтөргөнгө негиз болду.

Өлкө өз башкаруу системасында өткөн жылдарда далай чайпалды. Баш мыйзамда туруктуулук сакталбай көптөгөн өзгөрүүлөргө туш болду. Башкаруу тамыры Президенттик, Президенттик-Парламенттик башкарууларды башынан кечирди. Ушунун таасиринде 2005 жана 2010-жылдагы толкундоолор адам өмүрү кыйылган окуялар менен коштолду. Бирок, өлкөнүн тарыхында жылдар өткөн сайын бакыбаттуулуктун таасир күчөгөндөн күчөдү. Өлкөнүн экономикасы жылдан жылга чыңдалганы элдин материалдык бакыбаттуулугу арткандыгына жакшы таасирин берүүдө.

Мындай көрүнүш акыркы үч-төрт жылдын ичинде даана байкалып калды. Мамлекеттин бакыбаттуулугу анын бюджетинен эле байкалат эмеспи. Азыр болжолдогондой, өлкөбүз келерки 2026-жылга триллиондон ашкан бюджет менен кире тургандыгын азыртадан эле болжолдошууда. "Казанда болсо, чөмүчкө чыгат" дегендей казынабызда акчанын бар экендигине күмөн саноо болбой калды. Бул өлкөнүн баардык булуң- бурчтарындагы жасалып жаткан иштердин таасиринен байкалууда. Айыл жерлериндеги социалдык- маданий өзгөрүүлөрдүн жакшы жолдо бараткандыгын да мунун оң таасири десек болот. Жашообуздагы жакшы көп жактуу көрүнүштөрдүн болуп жатышы элдин социалдык-психологиялык мүнөзүнө оң таасирин бергендиги коомчулукта даана байкалууда. Өзгөчө коррупция менен болгон күрөштүн таасирдүү колго алынышы массанын колдоосуна ээ болгондугу ырас. Муну мындан ары кызмат орундарын өз менчиги катары вазипалап алган бийлик структурасындагы мамлекеттик кызматкерлер, сот-прокуратура жана ички иштер кызматкерлеринин түзүмүндө катуу жүргүзүүнү мындан ары да күчөтүүнү эл жактырып турат. Эгемендүүлүк өлкөдөгү темирдей тартиптин күчү менен гана бекем боloорун өлкөбүздүн журтчулугу азыркы өлкө президентинин жүргүзүп жаткан саясатынын негиздүү экендигине ынанымдуу пикирлерин билдиргени эл арасынын калың катмарында байкалууда.

Эми мындан аркы ишибизди багыттап алган жолубуздан тайбай өлкөнүн экономикалык өнүгүүсүн дүркүрөгөн жолго салганыбыз элибиздин турмуш деңгээлин көтөрүүгө шарттаашат деген ойдомун. Анан калса мамлекеттигибиздин бир бурчу болгон Кара-Кулжа районунуна өлкө башчысы Садыр Жапаровдун өзгөчө көңүл бургандыгынын таасиринде Өзгөн-Мырза-Аке, Кара-Кулжа жолу толук оңдолуп пайдаланууга берилиши райондун элин зор кубанычка эгедер кылды. Жол жакшы сапаттуулукта бүткөрүлдү. Иштин жүрүшү узакка созулбай, жети айда аякташына эл тарабынан чоң ыраазычылыктар айтылууда. Бул жасалган иш өлкөнүн эгемендүүлүк майрамына карата татыктуу белек катары көп жылдарга аңыз катары айтылып калат деген пикирдемин.

# КЫРГЫЗСТАНДЫН КААЛАГАН ЖЕРИНЕН ШАЙЛАНУУГА ЖАНА КАЙСЫ ЖЕРДЕ ЖҮРБӨҢҮЗ, ОШОЛ ЖЕРДЕН ШАЙЛООГО МҮМКҮНЧҮЛҮК ТҮЗҮЛӨТ

**Кыргыз Республикасынын Президенти Жапаров Садыр Нургожоевич 2025-жылдын 9-июнунда "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" конституциялык Мыйзамга кол койду. Жаңы кабыл алынган мыйзам боюнча эмки шайлоолор кандай таризде өтөт, эмне өзгөрүүлөр болду, дегеле шайлоо системасындагы жаңы багыттар тууралуу Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасы Шайназаров Тынчтык Урайымович менен маек курдук.**



**-Тынчтык Урайымович, жакында президентибиз шайлоо боюнча жаңы конституциялык Мыйзамга кол коюп, ал күчүнө кирди. Сурайын дегеним, алдыда өтө турган шайлоолордун системасы мурдагы шайлоолордон эмнеси менен айырмаланат?**

- Учурдан пайдаланып, босогодо турган эң улуу жана ыйык майрамыбыз – Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүк күнү менен жалпы кыргызстандыктарды чын жүрөктөн куттуктап кетким келет. Бул күн – тарыхый тагдырын өзү аныктаган элибиздин эркиндигин, биримдигин жана мамлекеттүүлүгүн тастыктаган улуу күн. Ар бир жаранбызга тынчтык, бакубат жашоо, ишеним жана өсүп-өнүгүү каалайм. Мамлекетибиз туруктуу өнүгүп, элибиз ынтымакта жашай берсин.

Ооба, үстүбүздөгү жылдын 9-июнунда Президентибиз Садыр Нургожоевич "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" жаңы конституциялык Мыйзамга кол койду. Жаңы кабыл алынган мыйзамдын талабына ылайык өлкөбүздө 30 көп мандаттуу округ түзүлөт. Келээрки Жогорку Кеңештин депутаттарынын шайлоосун 30 округга бөлүп өткөрүүнүн негизги принциптери шайлоочулардын саны, аймактардын географиялык шарты эске алынат. 1-августка карата Кыргызстандын шайлоо укугуна ээ жарандардын саны 4 миллион 247 миңди түздү. Аны 30 округга бөлсөк 141,500дөн шайлоочу туура келет.

**-Отуз округга кандай шартта бөлүнөт же бөлүндүбү?**

-Өлкөнү көп мандаттуу 30 округга бөлүү мыйзамдын талабы. Албетте, эл жыш жайгашкан райондор өз алдынча округ болсо, калкы аз аймактар бириктирилет. Бирок, мыйзамда 20% чегинүү мүмкүнчүлүгү каралган. Шайлоо округу бирдиктүү аймакты түзөт, өз ара чектешпеген аймактардан шайлоо округун түзүүгө жол берилбейт. Өзгөчө тоолуу, жетүү кыйын болгон аймактарда округдардын түзүлүшүнө өзгөчө көңүл бурулат. Ошондуктан, кичи райондордон да депутат шайланууга реалдуу мүмкүнчүлүк түзүлөт. Ал эми аны кандай шартта бөлүү жол-жобосунун мыйзамда так көрсөтүлгөн чеөеми бар. Жогорку Кеңештин шайлоосун өткөрүү баюнча Президенттин жарлыгы чыккандан кийин 7 календардык күндөн кечиктирбестен, Борбордук шайлоо комиссиясы шайлоо округдарынын схемасын жана чек араларын түзөт жана бекитет.

**-Республика боюнча Жогорку Кеңешке 30 округдан үчтөн депутат шайланса, квота, гендердик теңчилик боюнча маселелер кандай чечилди?**

- Элибиз эң негизгиси ар бир округдан 3 гана талапкер Жогорку Кеңештин депутаты болуп шайланаарын, бир гана талапкерге добуш бере алаарын эстен чыгарбоолору тийиш. Бир сөз менен айтканда, айылдык кеңештин депутаттарын шайлоосундай 3,4,5 талапкерге добуш бере алышпайт.

Квота, гендердик теңчилик боюнча айта турган болсок, "бир округдан сөзсүз бир аял киши депутат болот" деген түшүнүк туура эмес. Мисалы, бир округдан шайлоого катышкан шайлоочулардын эң көп добушун 3 аял талапкер алса, алар менен ат салышып жаткан эркек талапкерлердин көп добуш алганы, үчүнчү депутат болуп шайлана алат. Ошондо Жогорку Кеңешке 30дан кем эмес аял же эркек депутат болуп шайланып келет. Албетте, жаңы мыйзам аялдарга бир топ артыкчылыктарды берет. Талапкерлер арасында аялдардын катышуусун камсыз кылуу боюнча конституциялык нормалар бекитилди. Бул - башка көптөгөн өлкөлөрдө жок өзгөчө мүмкүнчүлүк деп эсептейм. Кыргызстанда аял шайлоочулардын саны да бир аз жогору. Демек, алар саясий процесске активдүү тартылышы керек. Бул мыйзам аялдардын коомдук-саясий турмушка кеңири аралашуусуна өбөлгө түзөт.

**– Шайлоонун дагы бир олуттуу маселеси - бул шайлоочулардын катышуусу. Бул жагынан кандай жаңы механизмдер каралган?**

- Бул жаатта биз олуттуу өзгөрүүлөрдү киргизип жатабыз. Мурун жарандар каттоосу бар жеринде гана добуш бере алчу. Эми жаңы программалык камсыздоо аркылуу ар бир Кыргызстандык жаранга каалаган аймактагы шайлоо участкалардан добуш берүү мүмкүнчүлүгү түзүлөт. Жөнөкөй тил менен айтканда, сиз кандайдыр бир себептер менен каттоодо турган жериңизден тышкары жүрсөңүз, шайлоо күнү эң жакын шайлоо учаскасына паспортуңузду көрсөтүп эле добуш берүү мүмкүнчүлүгү боло турган шарттарды түзүүнүн үстүндө иштеп жатабыз. Чет элде убактылуу жана туруктуу жашап жаткан жарандарыбыз үчүн дагы ушундай шарттар түзүлөт. Шайлоо күнү жарандарыбыз Америка же Москвада болобу, каалаган шайлоо участкасына келип добуш бере алышат.

Мындан тышкары, "Манас" жана "Ош" эл аралык аэропорторунда, ошондой эле ири авто жана соода базарларда ("Дордой", "Аламүдүн", "Орто-Сай", "Ош") шайлоо участокторун ачуу пландалууда. Бир сөз менен айтканда, шайлоочулар каякта болбосун, каякка кетип жатышпасын жогоруда айткан документ менен туруктуу жашаган аймактан аттанып жаткан өзү тандаган талапкердин бирөөсүнө добуш берүү мүмкүнчүлүгү жаралат. Мунун максаты шайлоочулар үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү жана катышууну жогорулатууга багытталган.

**-Жаңы мыйзамда талапкерлерге коюлган талаптарда кандай өзгөрүүлөр бар?**

- Конституциялык мыйзамга ылайык шайлоону өткөрүү күнүнө карата 25 жашка толгон, жогорку кесиптик билими бар, мамлекеттик тилди билген, депутаттыка талапкерлигин көрсөтүүнүн алдында акыркы 5 жылдан кем эмес өлкөнүн аймагында туруктуу жашаган, соттуулугу жок Кыргыз Республикаснын жараны өлкөнүн каалаган 30 округунан Жогорку Кеңештин депутаты болуп шайлана алат. Мындан тышкары, талапкерлерге кошумча чектөөлөр да киргизилген. Маселен, дин кызматкерлери кызматын токтоткондон кийин 5 жылдын ичинде дин менен байланыштуу ишмердикти жүргүзбөшү керек. Ошондой эле, кылмыштуу топторго катышы бар адамдар талапкер катары шайлоого катыша албайт. Бул чаралар депутаттыкка таза, коомдук ишмердүүлүгү таза адамдардын келишин камсыз кылуу максатында киргизилди.

Ошону менен бирге талапкерлерден 300 миң сом шайлоо салымы талап кылынат жана бул сумма мамлекеттик казынага түшөт. Мурдагы шайлоолордо бул сумма 100 миң сомду түзчү жана ал белгилүү шарттарда кайтарылып берилчү.

**-Угушубузча, бюллетендерди алдын ала баспай, шайлоо күнү басып чыгаруучу аппарат колдонулат экен?**

– Ооба, принтери бар идентификациялоочу түзүлүш (ПИТ) аркылуу бюллетендер автоматтык түрдө шайлоочу, шайлоого келген учурда басылып чыгарылат. Мурун миллиондогон бюллетендерди басып чыгарып, андан кийин жараксыз деп жок кылуу чоң чыгымга алып келчү. Ар бир участокко бюллетендер атайын күзөтчүлөрдүн, МАИ кызматынын коштоосунда жеткирилчү. Жаңы система аркылуу коопсуздук, ыкчамдык жана үнөмдүүлүк камсыз болот. Бул аппарат бир нече кызматты бир учурда аткарат. Ошондой эле АЭУлар (автоматтык эсептөөчү урналар) жаңыртылып жатат. Азырынча 5800 АЭУга техникалык тейлөө жүргүзүлдү. Калган жабдууларды да жаңыртуу иштерин улантып жатабыз.

**-Партиялардын ролу жаңы системада кандай болот?**

– Партиялар дагы өз талапкерлерин 30 округ боюнча сунуштай алышат. Бирок, мурдагы партиялык тизме системасында коррупциялык көрүнүштөр көп болгонун жашырбашыбыз керек. Бул элдин ишенимин жоготкон көрүнүштөрдүн бири. Жаңы система болсо элдин түз добушу менен шайланган өкүлдөрдү камсыз кылат. Себеби, депутаттардын негизги функциясы бул - өкүлчүлүк. Ошон үчүн Кыргызстандын райондорунан, региондорунан өкүлчүлүк болушу керек. Жаңычылдык бул аракеттер өкүлчүлүктүн калыстыгын жана аймактык тең салмактуулукту камсыз кылууга багытталган чоң кадам.

**- Тынчтык Урайымович, сөз соңунда шайлоочуларга эмне демекчисиз?**

-Шайлоо - бул жөн гана бюллетень толтуруу эмес. Бул - ар бир жарандын өзүнүн келечегине түздөн-түз таасир этe турган чечими. Кээ бир мамлекеттерде шайлоого катышпаган жарандарга мыйзам чегинде чара көрүлөт. Мисалы, Түркия сыяктуу өлкөлөрдө добуш бербеген жаранга айып пул салынат. Бизде андай милдеттүү талаптар жок. Бирок, жарандык парзыбыз бар, ал шайлоого катышуу. Себеби, шайлоо беш жылда бир келет, бул өлкө тагдыры чечилчү учур.

Сиздин бир добушуңуз өлкөнүн өнүгүшүнө, мыйзам чыгаруу процессине, жарандардын укуктарын коргоого, социалдык турмуштун сапатына чоң таасир берет. Ошондуктан, ар бир шайлоочуну шайлоолордо активдүү болууга чакырып кетет элем. Себеби, мамлекетибиз бир, келечегибиз бир, максатыбыз жалгыз – ал мамлекетибиздин туруктуу өнүгүүсү, мыйзамдуулук жана жарандар үчүн адилеттүү коом түзүү.

**Маектешкен: Азамат Дүйшонбай уулу, Чүй облустук "Чүй бааны" гезитинин башкы редактору.**

# Залкарларга таазим



**Редакциядан:** Белгилүү комузчу - аткаруучу, күүчү Саадабай Шабданов 1940-жылы Аксы районунда туулган. 1960-жылы Токмок шаарындагы маданий агартуу окуу жайын бүтүргөн. 1967-жылы Ош мамлекеттик педагогика институтун бүтүргөн. 1967-жылдан ошол эле институтта (азыркы университетте) мугалим, искусство факультетинин доценти болуп иштеген.

Саадабай Шабданов ар улуттун кыздарынан «Достук» аттуу комузчулар ансамблин уюштурган. 1985 жана 1987-жылдары өткөн Бүткүл союздук өздүк көркөм чыгармачылыгынын жана эл чыгармачылыгы фестивалдарынын лауреаты. Шабдановдун өздүк репертуарынын өзөгүн Ныязаалынын «Кара өзгөй», «Арсар күү», Токтогулдун «Чайкама», «Чоң кербез», «Тогуз кайрык», «Миң кыял» ж. б.күүлөр түзөт.

Аларды аткаруучу колун кубулта ойнотуп, татаал ыкмаларды, штрихтерди алып чертет. Ал элдик жана атактуу шайырлардын күүлөрүнүн үлгүсүндө «Бийчи кыз», «Айыл көркү», «Жашчылык», «Отуз кылым» деген жаңы кайрыктардагы арноо күүлөрүн да чыгарган. Быйыл айтылуу комузчу 85 жаш курагына келди. Төмөндө Саадабай Шабдановдун чыгармачыл залкарларга арнаганарноо ырларын окурмандар сунуштайбыз.

### Ныязалы Борошовго (1856-1941)



Тарыхын айтып кайрыктын,
Талантка таасир жайылттың.
Күлкү аралаш күү чертип,
Күү атасы атыктың.
Токомо берип чоң шыкты,
Топтуу шакирт эл чыкты.

### Көкө уулу Өтөгө (1860-1918)



Намыска элиң таптаган,
Ныязаалы барктаган.
Аксыдан чыккан Жеңижок,
Айтышаарга теңи жок.
Уулу болуп Көкөнүн ,
Урматы болдуң өлкөнүн.

### Токтогул Сатылгановго (1864-1933)




Топтоло ырга куржуну,
Токтогул тоонун булбулу.
Ташкындап талант бир четтен,
Тогуз кайрык күү черткен.
Санжыра айтса осуят,
Сайраткан күүсү насыят.

### Карамолдо Орозовго (1882-1960)



Кайрыгын издеп элиндин,
Кара күүгө берилдиң.
Элпек чертип эргүүгө,
Жардамы тийди көлүндүн.
Жаратам деп залкар күү,
Жарымың бердиң өмүрдүн.

### Барпы Алыкуловго (1884-1949)




Жүздөгөн сулуу кыздарды.
Жүрөгүң менен көрчү элең.
Жүзүндөн көөрүн төгүлүп,
Журт үчүн ырдап берчү элең.
Маңдайга бүткөн Барпысың.
Махабаттын алпысың.

### Ыбырай Тумановго (1888-1967)

Өрүктөн комуз чап дедиң,
Карагай капкак жап дедиң.
Так сүйлөп таза үн берет,



Ичеги кылдан так дедиң.
Терип чертип кайрыкты,
Ал дедиң күүдөн кайрыкты,
Ал дедиң күүдөн байлыкты.

### Атай Огонбаевге (1903-1949)



Комуз чертсең маштап черт,
Кол ойнотуп таптак черт.
Күүнүн сыры көп болот,
Көкүрөккө сактап черт.
Деп черттиң, Атай, чертмекти,
Деңизи сенсиң чертмекчи.

### Болуш Мадазимовго (1927-2002)



Актер эле болушпу,
Оркестр кылган комузду.
Беш кырдуу талант мээнеткеч,
Болуш залкар комузчу.
Элдик күү менен иштеген,
Эмгеги сиңген иш менен.

### Самарбүбү Токтакуновага (1945)



Сыймыктанам Самарадай чертсин деп,
Аялзатка алп күүлөр да чекпи деп.
Мекен үчүн, мээнет кылып эл үчүн,
Ак ниеттен атак даңкка жетти деп.
Чермек чертип, чет элдерге таанылдың,
Черин жазып, күү уккандын баарынын.

### Бүбүсара Бейшеналиевага (1926-1979)



Бүбүсара бийчи кыз,
Бүткүл кыргыз сүйчүбүз.
Ай чырайлуу аруу кыз,
Атпай журтка дары кыз.
Жактырабыз жан дилден,
Жашыбыз да карыбыз.



*Жагымдуу жаңылык*

# Кыргызстанда 40 мектеп курулат

**Дүйнөлүк банктын каржылоосу менен “Кыргызстанда жаратылыш кырсыктарынын тобокелдиктерине туруктуулукту жогорулатуу” (ERIK) долбоорунун алкагында республика боюнча авариялык абалда турган 40 мектептин ордуна жаңы имараттар курулат.**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен биргелешип иштелип чыккан келишимдин негизинде бул 40 мектеп эл аралык алдыңкы стандарттарга ылайык долбоорлордун негизинде курулуп, жер титирөөлөргө туруштук берүүгө тийиш. Электр энергиясы үнөмдөлүп, ар бир класска аба алмашууну камсыздай турган рекуператорлор орнотулат. Мүмкүнчүгү чектелген балдар үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлөт. Видеобайкоо системалары коюлат.

Аталган долбоордун негизинде Ош облусунда облусунда 8 мектеп жаңыланат. Азыркы учурда Кара-Суу районунда Датка айыл аймагында Бабалашкар, Өзгөн районунда А.Өмүрзаков мектептеринин курулушу жүрүп жатат. Алар жакын арада пайдаланууга берилмекчи.

Жалал-Абад облусунда 14 мектеп жаңыланат. Азыркы учурда облустун аймагында 4 мектептин курулушу жүрүп жатат Жакында Сузак районундагы Садда айылында 1973-жылы “ашар” ыкмасы менен салынган эски имараттын ордуна 2 кабаттуу заманбап мектебинин имараты пайдаланууга берилди.

№103-Садда жалпы билим берүүчү негизги мектептин директору Каныкей Акматованын айтуусунда жаңы мектептин имаратынын аянты 1696,6 чарчы метрди түзөт. Спорт жана актовой залдары, медициналык кабинет, китепкана, тамак даярдоочу жабдуулар менен камсыздалган ашкана, 8 даараткана, саркынды сууларды тазалоочу курулмалар (септиктер) орнотулду. Мүмкүнчүгү чектелген балдар үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлгөн. Пандустар жана атайын лифт орнотулган.

Бул жагымдуу жаңылык Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүнүн 34 жылдыгына карата белек болуп калды.

**Төлөнбай АБДЫРАЗАКОВ.**

Ден соолук коопсуздугу

# Лабораториялык көзөмөл

**Биздин күндөлүк жашоо тиричилигибизде эт, сүт, мөмө-жемиштер менен азыктанып турабыз. Алар тиешелүү лаборториялык көзөмөлдөн өткөрүлүп турат.**

Бул багыттагы керектүү кызматтарды Нурлан Туманов жетектеген Ноокат райондук ветеринардык фито-санитардык лабораториясы да жүргүзүп келатат. Лабораторияда өз адистигин мыкты билген тажрыйбалуу кызматкерлер эмгектенишет. Алардын катарында көп жылдардан бери үзүрлүү итеп келе жаткан тажрыйбалуу, жогорку билимдүү ветеринардык адис Түгөлбай Сирожидинов да бар. Базарга кирген эттер кантип көзөмөлдөнө тургандыгы тууралуу суроого ал төмөндөгүчө жооп берди:

-Негизинен алганда районубуздун аймагындагы багылган уй, жылкы жана кой, эчкилердин кулактарында атайын “биркасы” бар. Аларды базарга сатканда дагы, ошол бирка белгилери аркылуу сатышат. Ал эми мал союлуучу жайларда алардын тазалыгы текшерүүдөн өткөн соң гана союлат. Андан соң, лабораториялык көзөмөлдөн өткөрүлөт. Айрыкча, боордогу жана өпкөдөгү курттардын бар же жок экендигин лабораториялык жол менен тыкыр текшеребиз. Текшерүүдөн өткөн соң, этке мөөр басылып, сатууга уруксат берилет.

Ноокат районунун базарында күнүнө 15- 20га жакын уйдун эти, 6-8ге жакын койдун эти кардарларга сатылат. Районубуздун аймагындагы калкка таза жана сапаттуу эт сатуу үчүн ветеринардык адистер тарабынан жугуштуу ооруулардын алдын алуу үчүн б.а. “сибирь жарасы” (күйдүргү), кутурма ооруусуна каршы вакциналар адистерибиз тарабынан берилип турулат.

Ноокат базарына кирген мөмө-жемиштер, жумуртка, балык ж.б. азык-түлүктөрдү лабораториялык көзөмөлдөн өткөрүп турабыз.

**Б. Ысакова.**



**Сүрөттө: Н.Туманов**

Прокурордук көзөмөл

# Айып пулдар толугу менен өндүрүлдү

Кыргыз транспорттук прокуратурасы тарабынан Кыргыз Республикасынын Башкы прокурорунун тармактык буйруктарында жана көрсөтмөлөрүндө белгиленген милдеттерди жетекчиликке алуу менен Укук бузуулар жөнүндө кодексинин талаптарынын аткарылышы боюнча жигердүү иштер жүргүзүлгөндүгүн белгилейт

Кыргыз транспорттук прокуратурасы тарабынан 2024-жылдын 12 айынын ичинде жогоруда аталган Кодексинин талаптарын аткарууда мамлекеттик кызматты ээлеген же убактылуу ээлеп турган кызматкерлерге көзөмөлгө алынган органдарда текшерүү жүргүзүлгөн. Анын натыйжасында укук бузуулар аныкталган. Текшерүүлөрдүн негизинде Укук Бузуулардын Бирдиктүү Реестри Автоматташтырылган маалыматтык системасы аркылуу мамлекеттик кызматты ээлеген тарапгарга карата укук бузгандык боюнча 115 өндүрүш иштери козголуп, караштуулугу боюнча шаардык жана райондук сотторуна карооого жөнөтүлгөн. 2024-жылдын 12 айынын ичинде соттук кароонун жыйынтыгы менен 112 күнөөлүү адамдарга карата айып пулдар салынган. Соттук кароодо Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө Кодексинин 438-435 беренесинин талаптарына ылайык, санкциясында каралган бардыгы болуп 821 000 сом өлчөмдөгү айып пулдар салынган. Салынган айып пулдар толугу менен өндүрүлгөн.

**Р.Жакыпов,**
**Кыргыз транспорттук прокурорунун улук жардамчысы.**

# Бардык иштер мыйзам чегинде каралууда

Кара-Суу райондук прокуратурасы тарабынан райондук сотунда каралган укук бузуулар жөнүндө иштерге прокурордук көзөмөлдүн абалы туурасында айтмакчыбыз.

2025-жылдын жарым жылдыгында Кара-Суу райондук соту тарабынан Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө Кодексинде (УБК) каралган укук бузуулар боюнча жалпы 339 укук бузуу иштери 339 адамга карата каралган.

Анын ичинен 45 адамга карата айып салынган, 20 адам коомдук иштерге тартылган, 63 адамга камакка алуу жазасы колдонулган, 193 адам транспорт каражатын башкаруу укугунан ажыратылган, 10 укук бузуу иши өндүрүштөн кыскартылган.

Акыркы күндөрү укук коргоо органдары жана башка мамлекеттик органдар тарабынан жүргүзүлүп жаткан түшүндүрүү иштерине жана рейддерге карабастан, алкоголдук ичимдиктерди ичип унаа башкарган жарандардын саны өсүп жатканы байкалууда. Бул көрүнүш жол кыймылынын коопсуздугуна олуттуу коркунуч жаратып, мыйзам бузгандардын жоопкерчиликке тартылышы боюнча иштердин санынын жогору болушуна себеп болууда.

Ошондой эле, аталган укук бузуулар боюнча иштердин каралышы боюнча Кара-Суу райондук прокуратурасы тарабынан тиешелүү прокурордук көзөмөл ишке ашырылып, бардык иштер мыйзам чегинде жана белгиленген тартипте каралып жатат.

**Кара-Суу районунун прокурорунун жардамчысы С.Амирбеков**

101 эскертет!

# ӨРТ КООПСУЗДУК ЭРЕЖЕЛЕРИН ЭСКЕ АЛЫҢЫЗ

Урматтуу Ош шаарынын жашоочулары жана коноктору бүгүнкү күндө шаарыбыздын аймагында турак жай секторунда, кафе ашканаларда, соода түйүндөрүндө жана башка обьектилерде өрт кырсыгы катталып жаткандыгы баарыбызга маалым, ошондой эле өрт кырсыгынан адамдардын ден соолугуна өмүрүнө терс таасирин тийгизген учурларда жок эмес.

Жай мезгилинде айлана чөйрөнү ар кандай таштандылардан (желим бөтөлкө, жыгач отун жана ар кандай тез күйүүчү предметтерди) тазалоо жана аларды өрттөп жок кылуу аракеттери башталды.

Ошол себептен өрт кырсыктардын алдын алып, эрежелерин так сактоо менен өзүбүздүн үй бүлөө мүчөлөрүбүздүн жана жакындарыбызды, өмүр бою жыйнап келген үй жай, мал-мүлкүбүздү бир заматта күлгө айландырган өрт кырсыгынан алыс болуу үчүн төмөнкү өрт коопсуздук эрежелерин аткарууну милдеттендиребиз.

**Квартиралларда, турак жай бөлмөлөрүндө жана мейманканаларда төмөнкүлөргө тыюу салынат:**

1) Балкондордо жана лоджияларда, тепкичтер жайгашкан аянтчаларда, цоколдук аянттарда, подвалдарда, үйдүн чатырларында тез тутанган жана күйө турган суюктуктарды, газ баллондорун сактоого;

2) бөлмөдө тамеки чегүүгө;

3) тамекинин толук өчпөгөн калдыктарын балкондон же лоджиядан ыргытууга;

4) даярдалып жаткан тамакты плитага кароосуз калтырууга;

5) конок бөлмө менен ашкана бөлмөсү кошулган учурда газ түзүлүштөрүн (мештер, казандар, суу жылыткычтары) орнотууга.

**Төмөнкү өрт коопсудук эрежелердин аткарууну эске алыңыз:**

Жаш балдарды үйдө кароосуз калтырбаңыз, өз алдынча от жагууга, үй тиричилигинде колдонуучу электрдик плитка жана башка күйүүчү заттарды колдонууга жол бербеңиз.

Ширенке, (зажигалка) ж.б от чыгуучу буюмдары менен ойноого болбостугун жана оюнчук эмес экендигин түшүдүрүңүз.

Таштандыларды иммараттардан, турак үйлөрдөн 50 м аралыкта өрттөп, дайыма көзөмөлдөңүз.

Күйүүчү материалдарды, тоютка жыйылган чөптөрдү (отун, чөп, таштанды) имараттан, очок, тандырдан алыс сактаныз.

Ачык электр зымдарын тез арада оң абалга келтирүү;

Ачык электр зымдарын күйүүчү материалдардын үстүнөн өткөрүп тартпоо керек;

Үй тиричилигине пайдалануучу газ, электр, мечтерди сайылуу абалда көзөмөлсүз калтырбоо;

Үйдүн чатырына күйүүчү материалдарды сактабоо;

Жаш балдардын от менен ойноосуна жол бербөө;

Ар бир ата- эне күн сайын жаш балдарыбызга ширенке жана башка күйүүчү зат менен ойноосу оюнчук эмес экендигин эскертип түшүндүрүп туруусу зарыл;

Тартылган тамекинин калдыгын атайын урнага таштоо;

Өрт кырсыгына каршы ар бир үйдө 200 литрден кем эмес идиште суу кармоо зарыл.

Электрдик эсептегичте заводдо жасалган электр предохранителин орнотуу зарыл. Сынган, оң абалда эмес электр күйгүзгүчтөр, розеткалар, патрондор өз убагында алмашылсын. Электр жылыткычтар, үтүк, электр чайнектерди күйбөөчү таканычтарга коюнуз жана баардыгын бир убакытта иштетпеңиз.

**К. Кыдырбаева,**
**КР ӨКМдин Ош шаары боюнча башкармалыгынын ӨӨ ААжАКИБнүн офицери, майор.**

Жарыялар

### Жараксыз деп табылсын

Жеке ишкер Кочкорбаева Жанангүл Кыргызбаевнага таандык мөөр (печать) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

XXX

Ош мамлекеттик университети тарабынан Толонбаев Алтынбекге тарых” адистиги боюнча берилген дипломдун 2 барак тиркемеси жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

XXX

Насыров Ибрагим Каримовичке таандык 2011-жылы Кыргыз-Өзбек университети тарабынан берилген CD 110364101 каттоо № 543 сандуу дипломдун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

XXX

Абдираимова Минавар Арзибековнага Жалал-Абад медициналык окуу жайын "Медсестра" адистиги боюнча аяктаганы тууралуу 1985-жылы 5-июлда берилген 226204 сандуу дипломму жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

XXX

Токтоналиев Ильяс Актаңовичке таандык Кыргыз Республикасындагы Билимди баалоо жана окуу усулдары борбору тарабынан жалпы республикалык тестке катышкандыгы тууралуу 2025 -жылы берилген № 5731824 сандуу сертификаты жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

### Аукцион

Ала-Тоо айыл аймагына караштуу Ачы участкасындагы Айкөл кооперативинин контур 1847 муниципалдык менчиктеги ( идент. коду: 5-04-07-0027-1013) болгон 0.17 га жер тилкесин сатуу боюнча аукцион өткөрөт. Дареги Ала-Тоо айыл өкмөтү. Аукцион жарыя газетага чыккан күндөн тартып бир айдан кийин айыл өкмөтүнүн кеңсесинде өткөрүлөт.

Байланыш номери: 0553280592.

Айнара Жороева:

# “ОКУУ- ТАРБИЯ ИШТЕРИН МЫКТЫ УЮШТУРУУГА МАКСАТЫБЫЗ ЧОҢ”

**Жороева Айнара Мусаевна Ноокат районунда 1981- жылы туулган. Аталган райондогу “Борко” лицейин артыкчылык аттестаты менен бүтүргөн. Ош мамлекеттик университетинин филология факультетине тапшырып, аны 2003- жылы артыкчылык диплому менен аяктаган. Эмгек жолунда 2000 -2004 жылдары Кара-Суу районундагы №77- Хамза орто метебинде кыргыз тили жана адабияты мугалими болуп иштеген. 2004 -2008- жылдары Ноокат районунун К. Каримов атындагы орто мектебинде кыргыз тили жана адабияты мугалими, билим берүү бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенген. 2018- 2024- жылдары Кара-Суу районундагы №77- Хамза орто метебинде кыргыз тили жана адабияты мугалими, билим берүү бөлүмүнүн башчысы кызматын аркалаган. 2025- жылдан Кара-Суу районундагы №139- К. Эрматов атындагы мектептин директору болуп иштөөдө.**



Жороева Айнара билим берүү тармагындагы жетишкендиктери үчүн республикалык, облустук, райондук маанидеги жана башка Ардак грамоталардын жана бир топ дипломдордун, сертификаттардын жана сыйлыктардын ээси болду. “Жылдын мыкты мугалим 2005” сынагынын облустук турунда экинчи орунду алган. Бир катар заманбап изилдөөлөрдүн жана курстардын катышуучусу болду. “Т.Сатылгановдун ырларындагы көркөм салыштыруулар”, “Кыргыз жана өзбек тилиндеги өзгөчөлүктөр жана окшоштуктар” аттуу изилдөөлөргө жана бир катар окууларга катышкан. Тажрыйбалуу мугалим жана насаатчы.

Айнара Жороева мыкты эне жана мыкты өмүрлүк жубай. Өмүрлүк жолдошу А.Эгемкулов менен биргеликте эки уулду татыктуу тарбиялашууда. Тун уулу Кыргыз -Орус славян университетинин медициналык факультетинде тортүнчү курстун студенти. Кичүү уулу “Акылман” президенттик лицейинин 8 -классынын окуучусу.

Каармаыбыз директорлук кызматке келээри менен мектептин иш аракеттерин колго алды. Тиешелүү иш -чараларын өткөрүү, материалдык -техникалык базаны карап чыгуу жана башка бир катар аракеттер жоопкерчликтүүлүк менен жүзөгө ашырылды. Мектеп типтүү болондуктан райондук көптөгөн иш-чаралары ушул мектепте өткөрүлөт.

Ошондой эле мектепте жаңы окуу жылына карата ондоп- түзөө иштери жүргүзүлдү. Билим берүү системасындагы реформалоого, окуучуларга 12 жылдык билим берүүгө өтүүгө байланыштуу быйылкы жылдын 1- 21 август күндөрү миңден ашуун мугалимдерди даярдоо райондук деңгээлде ушул мектепте өткөрүлдү.

Аталган иш- чараларды уюштурууда окуу бөлүмүнүн башчысы Ж.Тажибаева, уюштуруучу А.Зулпукарова жана башкалар жакындан жардам берип, колдоо көрсөтүштү.

Мектептин директору Жороева Айнара Мусаевна биз менен болгон маегинде төмөнкүлөрдү белгиледи:

-Мектеп жамааты менен келаткан жаңы окуу жылын мамлекет тарабынан түзүлгөн жакшы шарттар менен тосуудабыз. Ишибизди жаңы билим берүү системасы, 12 жылдык билим берүүгө карата жаңы кадамдар менен баштоого шайма- шай даяр экенибизди айтмакчымын. Ошондой эле Кара -Суу районунун 90 жылдыгын майрамдоону да көңүл борборунда тутмакчыбыз. Кыргыз Республикасынын агартуу министрлиги, Кара -Суу райондук мамлекеттик администрациясы, Кара- Суу райондук мэриясы жана Кара- Суу райондук билим берүү бөлүмү тарабынан коюлган ар бир ишти күчүбүздүн жетишинче жогорку деңгээлде аткааруу менен келечек ээлерине окуу- тарбия иштерин мыкты уюштурууга максатыбыз чоң.

Газета бетинен пайдаланып, жалпы жамаатымды, кесиптештеримди жана окурмандарды 31- август- Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүк күнү менен чын дилимден кутуктаймын. Заманыбыз тынч болуп, өлкөбүз гүлдөп өнүгүп, алдыңкы мамлекеттердин катарында болсун. Калкыбыз бекем ден соолукта, бактылуу- таалайлуу жашашып, ийгиликтердин үстүндө жүрө беришсин. Асманыбыз ачык, дилибиз таза, пейилибиз ак болсун, майрамыңыздар менен!

**К.КЫДЫРАЛИЕВА.**

# МАМЛЕКЕТТИК ТИЛДИ ОКУТУУНУ ЖАКШЫРТУУ – УЧУР ТАЛАБЫ

**"Билим берүүнүн бардык баскычтарында мамлекеттик тилди – кыргыз тилин тереңдетип окутуу жана анын коомдогу ордун бекемдөө бүгүнкү күндүн өзөктүү маселелеринин бири катары каралууда. Тил – улуттун өзөгү, руханий дөөлөтү, тарыхы менен маданиятын көтөргөн улуу күч. Келечек муунга тил көрөңгөсүн жеткирүүдөгү маанилүү фигура - бул мугалим. Мугалимдин кесиптик даярдыгы, билим базасы анын ишмердүүлүгү менен айкалышып, мыкты тажрыйбаны жаратат. Мамлекеттик тилди окутуудагы мугалимдердин кесиптик чеберчилигин жогорулатуу маанилүү. Бул багытта Ош облусундагы билим берүү мекемелеринде мамлекеттик тилди окутууну жакшыртуу боюнча олуттуу иштер аткарылып жатат",- дейт Ош билим берүү институтунун кыргыз тили жана адабияты каанасынын башчысы Райымбекова Чынара Зикириллаевна.**

Маалыматка ылайык, өткөн окуу жылында Ош облусундагы билим берүү мекемелеринде эмгектенип жаткан 2264 кыргыз тили жана адабияты мугалимдери заманбап билим берүүнүн талаптарына жооп берген түрдүү курстарга, иш-чараларга, сынактарга жигердүү катышып, мамлекеттик тилди окутуудагы өз кесипкөйлүгүн арттырууга жетишилди.

Бул багытта Ош билим берүү институтунун кыргыз тили жана адабияты каанасында өзгөчө аракеттер жасалууда. «Улам өзгөрүп жаткан көп түрдүү дүйнөдө кыргыз тили жана адабияты мугалимдери жаңы маалымат технологияларын пайдаланып, келечек муунга билимди турмуш менен байланыштырып берүүг жетишүү» деген маанилүү максаттын алкагында иш алып барылды.

Өткөн окуу жылы ичинде облус боюнча институттун план-графигине ылайык 9 ирет кесиптик чеберчиликти жогорулатуу курстары уюштурулуп, ал курстарга облустун аймагынан 210 мугалим катышса, ал эми мугалимдердин теориялык билим базасын жакшыртууга багытталып атайын уюштурулган 1 онлайн курстан 24 жана 1 “ЖРТга даярдоо” курсунан 33 мугалим билим алып, жалпысынан 267 мугалим кесиптик чеберчилигин жогорулатты. Бул курстарда мугалимдерге мамлекеттик тилди окутуунун маанилүү маселелери жана алдыңкы тажрыйбалар, PISA изилдөөлөрүнө даярдык, функционалдык сабаттуулук, жашыл көндүмдөр, критерийге багытталган баалоо сыяктуу актуалдуу темалар боюнча заманбап лекциялар, практикалык сабактар өтүлдү.



Ошондой эле, кесиптик чеберчилигин жогорулатуудан сырткары кыргыз тили жана адабиятын окутуудагы мугалимдердин чыгармачылык дараметин сынаган “Мыкты сабак”, “Мыкты мамлекеттик тил мугалими” сыяктуу сынактар аркылуу алдыңкы тажрыйбалар жайылтылып, мыкты мугалимдердин иштерине дем берилди.

Аталган курстарда мектептерде чыгармачылык менен ийгиликтүү иштеп жаткан мугалимдер Молдобаев Жусуп, Мусаева Алтынай, Дадаева Айнаш, Шамырзаев Илгиз сыяктуу практик мугалимдер катары курска тартылып, алар теория менен практиканы айкалыштырып, мугалимдер үчүн ачык сабактарды көрсөтүп берүүсү камсыздалды. Курстардын сапаты, мазмуну жана уюштурулушу курстун угуучуларынын чыгуу анкетасындагы баалоолорунда да жогору деңгээлдеги усулдук колдоолорду камсыздагандыгы мугалимдер тарабынан белгиленип келет.

Мындан сырткары, окуучуларды предметтик олимпиадага, мамлекеттик аттестацияларга, ЖРТга даярдоо боюнча методикалык жардам берилип, мугалимдер үчүн атайын “Мугалимдерге жардам” бурчу түзүлдү. Облус аймагындагы бардык кыргыз тили жана адабияты мугалимдеринин маалыматтык-электрондук базасы түзүлүп, байланыш, маалымат алмашуу, ресурстар менен камсыз кылуу маселеси жолго коюлду. «Кыргыз тест» системасынын мамлекеттик тилди билүү деңгээлин аныктаган тесттен өтүү үчүн иштелип чыккан мобилдик тиркемесин ар бир курска келген мугалим сайттан жүктөп алып, өзүнүн тил билүү деңгээлин жакшыртуу жана окуучулардын билимин жакшыртуу максатында колдонулду.

Мамлекеттик тилдин 35 жылдыгына, улуттук адабият күнүнө, Улуу Жеңиштин 80 жылдыгына арналган иш-чаралар билим берүү процессине мекенчилдик тарбияны кошуп, тил менен тарыхты айкалыштырып турду. Бул окуу жылында «Мыкты мамлекеттик тил мугалими» сынагы облустук деңгээлде уюштурулуп, ага райондук баскычта 1-2-3-орунду камсыздаган 21 жеңүүчү катышып, кыргыз тили жана адабиятын билүү деңгээли тест аркылуу аныкталып, мамлекеттик тилди окутуу боюнча мастер-класстар көрсөтүлдү. Жыйынтыгында Араван районундагы А.Навои атындагы орто мектептин мугалими Кудайбердиева Жаркын “Мыкты мамлекеттик тил мугалими ” номинациясын жеңип алды.

2025-2026-окуу жылында да кыргыз тили жана адабияты каанасы билим берүү тармагында болуп жаткан реформаларды эске алып, мамлекеттик тилдин коомдогу ордун бекемдөө, келечек муунга жеткирүүдөгү усулдук жаңылыктары, алдыңкы педагогикалык технологияларды жайылтуу менен буга чейинки ишмердүүлүгүн улай эле облустагы мугалимдер үчүн кесиптик чеберчиликти жогорулатуу курстарын жана салтка айланган сынактарды уюштурууну белсенүүдө.



Мамлекеттик тилди окутууну жакшыртуу бүгүнкү замандын талабы гана эмес, улуттук өнүгүүнүн, аң-сезимдин, өз алдынчалыкты бекемдөөнүн башкы шарты. Кыргыз тилин сапаттуу үйрөтүү, аны жаш муунга жеткирүү – ар бир мугалимдин ыйык милдети. Бул жолдо жасалып жаткан иштер үмүт жаратат. Ош билим берүү институтунун кыргыз тили жана адабияты каанасынын ишмердүүлүгү – ошол үмүттүн ачык көрүнүшү.

**А.МАТИЕВА.**